**Изденүүчү Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча “Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы” деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасына илимий жетекчиси тарых илимдеринин доктору, доцент Омурова Жамыйкат Орозбековнанын**

**ПИКИРИ**

Диссертациялык иш катары изилденилип жаткан тема азыркы күндүн актуалдуу маселелеринин бири экендиги экендиги талашсыз. Учурда ааламда, региондордо ишке ашып жаткан тарыхый, маданий ж.б. жүрүмдөр, эл аралык уюмдардын алкагындагы активдүү интеграциялар Кыргыз Республикасынын ички жана тышкы өнүгүүсүнө таасир тийгизбей койбойт. Демек, изилденип жаткан диссертацияда Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмуна (ШКУ) кирген мамлекеттер менен маданий-гуманитардык алакаларынын өнүгүү тарыхын изилдөө актуалдуу десек болот.

XXI кылымдын башында пайда болгон ШКУнун чөлкөмдөгү түзүмдөрдүн арасынан эң жаш уюм экендигин эске алсак. Бул уюмдун алкагында кандай маданий-гуманитардык кызматташтык болушу мүмкүн деген суроо туулат. ШКУ кийин эле түзүлгөндүгүнө карабай Евразиянын ири мейкиндигин өз кулачына алган ири эл аралык уюм катары калыптануу жолуна түшүүдө. ШКУнун тарыхый өнүгүү жолу XX к. аягы XXI к. башына туш келип Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тарыхый өткөөл маалындагы саясий, экономикалык, коопсуздук ж.б. маселелери курчуп турган мезгили менен байланыштуу болгон. Бирок, уюмга кирген мүчө мамлекеттердин кызматташуусу ар тараптуу багыттарды ишке ашырууга белсенип эл аралык уюм катары калыптануусу бир нече тарыхый жагдайды ичине камтыган жол менен ишке ашып жатат:

Биринчиден, СССРдин кулашы постсоветтик Борбодук Азия мамлекеттери менен коңшу жайгашкан Кытай Элдик Республикасынын эки

тараптуу дипломатиялык ж.б. кызматташтыгы биринчи кезекте, чек ара маселесин чечүү менен башталган. Чек ара маселесин чечүү Кыргыз Республикасы менен Кытайдын биргелешкен делегация форматында бир нече жолу жолугушуп, жыйынтыгында 1996-жылы Кытайдын Шанхай шаарында Борбордук Азия республикалары (Кыргызстан, Казакстан, Тажикстан) жана Россия "Шанхай бештигинин" келишими түзгөнгө жетишишкен. Алгачкы жолу чек ара маселеси боюнча биргелешкен келишимдердин түзүлүүсүнө жол ачылган.

Экинчиден, "Шанхай бештигинин" кызматташуу чөйрөсү кеңейе баштаган, коопсуздук жааттагы байланыш олуттуу маселеге айланган. 2000-жылы бул келишимге Өзбекстандын байкоочу катары таанылуусу менен "Шанхай бештиги" форуму түзүлгөн.

Үчүнчүдөн, 2001-жылы 15-июнда уюмга Өзбекстандын мүчө болуусу менен Шанхай Кызматташтык уюму түзүлгөндүгү жарыяланган. Уюмдун уюшулушу Борбордук Азия регионунун дүйнөлүк саясаттагы ордун жана ролун жогорулаткан.

Төртүнчүдөн, ШКУ эл аралык уюм катары институционалдык калыптануу жолуна түшкөн (Устав, Хартия ж.б.). 2002-жылдан баштап уюм алкагындагы кызматташуу ар тараптуу багыттарга жайыла баштаган.

Бешинчиден, ШКУга 2017-жылы Индия менен Пакистандын мүчө болуп кириши уюмдун аймагын кеңейткен. Башында ШКУ Кытайдын таасири бар жалгыз уюм катары кабыл алынса, эми бул уюмда Индия жана Пакистандын таасири бир кыйла активдеше баштаган.

Алтынчыдан, ШКУга 2022-жылы Иран мамлекетинин толук кандуу мүчө болушу уюмдун аброюн эл аралык деңгээлге чыгарган. Уюмга мусулман дүйнөсүнүн бир нече мамлекеттери кызматташууга киришкен.

Кыргыз Республикасы ШКУнун тарыхый өнүгүүсүнүн башатында туруп анын уюшулушун колдогон мамлекеттердин бири катары таанылып келет. Учурда Кытайдын уюм аркылуу Борбордук Азияга анын ичинде Кыргызстанга болгон таасирдүүлүгү коопсуздук, экономикалык ж.б. гана

эмес маданий-гуманитардык байланыштарда да байкалууда. Мындай маданий-гуманитардык таасирдүүлүк чет элдик окумуштуулардын, саясат таануучулардын, эл аралык серепчилердин изилдөөлөрүндө ар кандай мүнөздөөлүүдө. Ушул тариздe ШКУнун мамлекеттери менен болгон Кыргыз Республикасынын маданий-гуманитардык өнүгүүсүн объективдүү жана калыс изилдөө Ата Мекендик тарых үчүн абдан олуттуу маселелерден десек болот.

Изденүүчү Шаршенбек кызы Айперинин илимий диссертациясын КРУАКтын акыркы талабына ылайык талданып жазылган. Илимий иштин коюлган максат жана милдеттерине жетүүдө илимдеги ар кыл маалыматтарды иргеп, тарыхнааманы төрт топко бөлүп изилдеген. Ошону менен катар булактаануучулукту беш топко бөлүп талдоого алган. Маселени изидөөнүн объектиси, предмети жана ыкмалары өзүнчө бапта каралган. Ал эми изилдөө ишинин негиги маселелери диссертациянын үчүнчү жана төртүнчү бабында иликтенген. Ар бир параграфта жазылган маалыматтарга, келтирилген фактыларга тыянак чыгарылган. Ар бир бапта салыштырмалуу типологиялык анализ берүү менен жыйынтык чыгаруу орун алган. Корутунду изилденген маселе боюнча жазылып, жүйөөлүү сунуштар берилген. Ошондуктан Шаршенбек кызы Айперинин илимий ишин Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана КРИАнын алдындагы кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча Д. 07.23.671 Диссертациялык Кеңешине коргоого сунуштаймын.

**Илимий кеңешчи:**

**т.и.д., доцент** [signature] **Омурова Жамыйкат Орозбековна**

Колу тамгасын тастыктаймын:

КБ башчысы [signature] Н. Курманова

КАДРЛАР БӨЛҮМУ / ОТДЕЛ КАДРОВ